Ош мамлекеттик университетинин

Эл аралык билим берүү программаларынын жогорку мектебинин

Түрк тилдүү мамлекеттердин интеграциясы бөлүмүнүн

2025-жылдын 7-ноябрында өткөрүлгөн кезектеги

Кеңешинин отуруму

**№ 3 ПРОТОКОЛУ**

**Кеңешменин төрагасы**: ф-м.и.к., доцент Максатбек.О.

**Кеңешменин катчысы**: Режевали кызы Атыргүл

**Катышкандар**: 9

**Келбегендер**: 0

**Каралуучу маселелер**

1. Бакалавр багыты боюнча бүтүрүүчү квалификациялык иштердин темаларын жана жетекчилерин бекитүү;
2. Студенттердин билимдерин диагностикалоо (тест, текшерүү иш алуу менен) мониторинг жыйынтыгын талкулоо жана бекитүү;
3. Ар түрдүү маселелер.

Угулду: Кеңешменин төрагасы: ф-.м.и.к., Орозов Максатбек .О. – Урматтуу кеңешменин катышуучулары!

Кеңешмени ачып алсак. Баары – “Макул”, Каршы – Жок, Калыс – Жок.

Бүгүнкү кеңешмеде карала турган биринчи маселе 2025-2026-окуу жылына карата бакалавр багыты боюнча бүтүрүүчү квалификациялык иштердин темаларын жана жетекчилерин бекитүүбүз керек. Ошондуктан сөздү программа жетечилерине берсек. Программа жетекчилери сөз сиздерде.

1. Математика жана компьютердик илимдер билим берүү програсына жооптуу окутуучу Арапова Токтобүбү. – МНК билим берүү программасынын бүтүрүүчүлөрүнө квалификациялык иштин темалары сунушталды, тактап айтканда квалификациялык иштин темалары бөлүмдүн отурумунда талкууланып алардын ичинен актуалдуу темалар гана алынып бүтүрүүчү курстарга сунушталды ошондой эле жетекчилери да такталды.

2.Программалык инженерия билим берүү программасы боюнча жооптуу окутуучу Абжапар к Фарида – Урматтуу кенешменин катшуучулары ! “Программалык инженерия” багытынын бүтүрүүчүлөрүнө дипломдук иштин темалары берилип, жетекчилер такталып,темаларынын үстүндө иштеп жатышат.

Кеңешменин төрагасы: ф-.м.и.к., Орозов Максатбек .О. –Урматту окутуучулар! Биринчи маселени бекитүү үчүн добушка коём.

Баары – “Макул”, Каршы – Жок, Калыс – Жок.

Угулду: Кеңешменин төрагасы: ф-.м.и.к., Орозов Максатбек .О – Урматтуу кеңешменин катышуучулары! Экинчи маселе боюнча айта турган болсок, 2025-2026-окуу жылында бөлүмдүн окуу жүгүндөгү математика жана информатика дисциплиналарын окуган студенттерден базалык билимдерин текшерүү боюнча монторинг жүргүзүлдү. Мониторинг боюнча жооптуулар Шадыева Т. жана лаборант Режевали к Атыргүл.

Сөзгө чыкты: Окутуучу: Абжапар к Фарида. – Урматтуу кеңешменин катышуучулары, 1-курстарга “Программалоо тили” сабагы боюнча базалык билимин баалоо максатында мониторинг жүргүзүлдү. Жалпысынан алганда, студенттердин билим деңгээли орточо деп баалоого болот.

Праграммалоо тили абсолюттук жетишүү 82,6%, сапаттык жетишүү 80% ,

Угулду: Окутуучу Абжапар к Фарида.- “Праграммалоо тили” дисциплинасы боюнча базалык билимин баалоо боюнча монторинг өткөрдүм. Программалоо тили сабагы боюнча негизги түшүнүктөр — өзгөрмөлөр, маалымат түрлөрү, шарттуу операторлор, циклдер жана жөнөкөй алгоритмдерди түзүү — студенттер тарабынан орто деңгээлде өздөштүрүлгөн. 1-курстар үчүн программалоо боюнча кошумча практикалык сабактарды же сабак алдында негизги алгоритмдик түшүнүктөр боюнча кайталоо сабактарын өткөрүү зарыл. Жыйынтык боюнча: “Программалоо тили” боюнча абсолюттук жетишүү 82,6%, сапаттык жетишүү 80% болду.

Кеңешменин төрагасы: ф-.м.и.к., Орозов Максатбек.О. Абжапар к Фариданын жана башка окутуучулардын мониторингтерине көз чаптырдык .Анда эмесе, ар бир окутуучу өз предметтери боюнча билим сапатын жогорулатууга карата иш чаралардын планын иштеп чыксын.

Баары – “Макул”, Каршы – Жок, Калыс – Жок.

Угулду: Кеңешменин төрагасы: ф-.м.и.к., Орозов Максатбек .О – Урматтуу кеңешменин катышуучулары! Биздин үчүнчү маселе боюнча бул ар түрдүү маселелер , 2025-2026-окуу жылында МАКтын курамын бекитүү жана экперттерди сунуштоо, төрага шайлоону, кош дипломдуулук, бүтүрүүчү курстагы студенттерибиздин ишке жайгашуусун карап чыгышыбыз керек.

Угулду: Кеңешменин төрагасы: ф-.м.и.к., Орозов Максатбек .О – Урматтуу кеңешменин катышуучулары! Эксперт жана төрага катары Нурбек агай менен Жоомарт агайды сунуш кылам.

Баары – “Макул”, Каршы – Жок, Калыс – Жок.

Сөзгө чыкты: Окутуучу: Асилбеков Тынчтыкбек . – Урматтуу кеңешменин катышуучулары, кош дипломдуулук боюнча программа алмашууда биздин мугалимдер ал жактын мугалимдери менен программа алмаштыруу керектигин сунуштайм жана ошону менен бирге Туркия мамлекети менен да “кош дипломдуулук” программасын киргизүү жакшы болот деген ойдомун.

Баары – “Макул”, Каршы – Жок, Калыс – Жок.

Угулду: Кеңешменин төрагасы: ф-.м.и.к., Орозов Максатбек .О – Урматтуу кеңешменин катышуучулары! Биздин бөлүмдөн аяктаган студенттердин 70%дан көбү ишке орношуп жана мугалимдер менен тыгыз байланышта экендиги такталды

## ТОКТОМ :

1. Бакалавр багытынын бүтүрүүчүлөрүнүн квалификациялык иштеринин темалары жана жетекчилери бекитилсин.
2. 1-курстардын базалык билимин диагностикалоо боюнча маалымат канааттандырарлык деп табылсын.Кабыл алынган иш пландардын ишке ашышы камсыздалсын.
3. Ар түрдүү маселедер боюнча:
   3.1 Сунушталган талапкерлер МАКтын курамына бекитилсин.
   3.2 «Кош дипломдуулук» багытын ачуу мүмкүнчүлүгү каралсын жана тиешелүү документтер каралсын
   3.3 Бүтүрүүчүлөрдүн ишке жайгашуусу боюнча жүргүзүлгөн иш оң деп табылсын жана алар менен тыгыз байланыш улантылсын

Кеңешменин төрагасы : Орозов Максатбек .О.

Катчы : Режевали кызы Атыргүл.